Жеке маалыматтарды иштетүүгө Макулдук-Арыз

1. Ушуну менен «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКына (мындан ары – «Банк») менин жеке маалыматтарымды иштетүүгө (анын ичинде менин атымдан жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык аракеттенген каалаган үчүнчү жактардан алууга) өз макулдугумду берем.

2. Бул макулдук Банктык кызматтарды алуу, ошондой эле мени менен Банктын ортосунда түзүлгөн бардык Келишимдерди аткаруу жана Банктын Келишим боюнча өз функцияларын аткаруу максатында берилет, макулдук төмөнкү маалыматтарга таралат: фамилиям, атым, атамдын аты, туулган жылым, айым, күнүм жана туулган жерим, дарегим, телефон номурум жана Банкка каалаган конкреттүү мезгилде белгилүү болгон башка ар кандай маалыматтар (мындан ары – Жеке маалыматтар).

3. Бул макулдук менин Банк менен түзгөн келишимдерим боюнча өз милдеттенмелеримди толук аткарышыма чейин, ошондой эле Банк менен түзүлгөн ар кандай Келишимдин жарамдуулугу токтогон күндөн баштап 5 жыл ичинде жарамдуу болот. Көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин макулдукту кайтарып алуу жөнүндө маалымат жок болгон учурда кийинки беш жылга узартылган болуп эсептелет. Макулдук Банк менен түзүлгөн Келишимдер боюнча карыздар толук жоюлгандан кийин гана, тиешелүү жазуу түрүндөгү билдирүүнү Банкка жөнөтүү жолу менен, мөөнөтүнөн мурда кайтарылып алынышы мүмкүн.

4. Ушуну менен менин Жеке маалыматтарыма карата Банктын келишимдерди аткаруу жана насыяны тейлөө жана карызды чогултуу боюнча функцияларын аткаруу максаттары үчүн, ошондой эле Банктын жана/же анын өнөктөштөрүнүн жаңы өнүмдөрдү жана кызматтарды иштеп чыгуусу үчүн зарыл же кааланган ар кандай аракеттерди жүргүзүүсүнө, анын ичинде, чектелбестен: менин Жеке маалыматтарымды жыйноого, тутумдаштырууга, топтоого, сактоого, тактоого (жаңыртууга, өзгөртүүгө), пайдалануу га, жайылтууга (анын ичинде берүүгө), ээсиздендирүүгө, тосмолоого, жок кылууга, чек арадан тышкары берүүгө. ошондой эле Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө Мыйзамынын жоболорун эске алуу менен башка каалаган аракеттерди жасоого өз макулдугумду берем.

5. Менин Жеке маалыматтарымды иштетүү Банк тарабынан Жеке маалыматтарды иштетүүнүн төмөнкү негизги ыкмаларын колдонуу менен (бирок алар менен чектелбестен) жүргүзүлөт: сактоо, электрондук ташуучуга жазуу жана аларды сактоо, тизмектерди түзүү, маркерлөө. Жеке маалыматтар жөнүндө Мыйзамдын максаттары үчүн ушуну менен бул макулдугум каалаган мындай үчүнчү жактарга, тиешелүү өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, берилген болуп эсептелерин жана каалаган мындай үчүнчү жактар ушул макулдуктун негизинде менин Жеке маалыматтарымды иштетүүгө укуктуу экенин тааныйм жана тастыктайм.

6. Өтүнмө берип жатып, мен жогоруда айтылган бардык маалыматтар анык экенин тастыктайм, ошондой эле мен жөнүндө маалыматтарды «Насыялык маалыматтарды колдонуучулар ассоциациясы» Юридикалык жактар бирикмесинен (ЮЖБ) алууга жана/же берүүгө МАКУЛДУК БЕРЕМ.

7. Арызга кол коюу менен ушул Макулдукта аныкталган бардык шарттарды кыйшаюусуз кабыл алганымды тастыктайм.

8. Банк, ушул Макулдукка ылайык, жеке маалыматтарды иштетүү боюнча операцияларды жүргүзөт жана банктык кызматтарды көрсөтүүнүн шарттарын аныктайт. Бул учурда Банк өз эрки боюнча кардарга банктык кызмат көрсөтүүдөн баш тартууга жана кабыл алынган чечимдин себептери боюнча маалымат бербөөгө укуктуу.

9. Бул Макулдук кардар арызга кол койгон учурдан тартып ушул Макулдуктун шарттары менен толук жана шартсыз макулдук катары каралуучу ушул Макулдукта каралган шарттарда күчүнө кирет.

10. Кардардын жеке маалыматтарын иштетүү мөөнөттү чектебестен, каалаган мыйзамдуу ыкма менен, анын ичинде жеке маалыматтардын маалыматтык тутумдарында,

автоматташтыруу каражаттарын колдонуу менен же мындай каражаттарды колдонбостон жүргүзүлөт.
11. Кардар өз колтамгасын колдонуу менен жүргүзүлүүчү операциялардын жана бүтүмдөрдүн юридикалык маанилүүлүгү жөнүндө маалымат алган жана түшүнөт.
12. Кардар бул Макулдуктун артка кайтарылбасын жана кагаз ташуучудагы документке (документтер топтомуна) тең маанилүү экенин түшүнөт.
13. Кардар төмөнкүлөргө **макул**:
- жеке маалыматтарды жыйноого жана иштетүүгө;
- субъектинин анын жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө арызына (Макулдукка/Кайтарууга) (№1 Тиркеме) кол коюуга макулдук;
- жеке маалыматтын субъектисинин анын жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө макулдугунун типтүү формасына (№2 Тиркеме) кол коюуга макулдук;
- жеке маалыматтын субъектисинин анын КР ЭФМдин алдындагы МСКдагы жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө макулдугунун типтүү формасына (№3 Тиркеме) кол коюуга макулдук;
- насыялык тарыхтын маалыматтарын текшерүүгө жана «Ишеним» Насыялык Бюросу ЖАКына (мындан ары – «Ишеним» НБсы) берүүгө макулдук (№4 Тиркеме);
- Келишимдин алкагында ал жөнүндө маалыматтарды каалаган мыйзамдуу аракеттенген органдардан алууга;
- жеке маалыматтарды, анын ичинде КР Мамлекеттик каттоо Кызматындагы жана башка мамлекеттик органдардагы жана башка уюмдардагы маалыматтарды жыйноого жана иштетүүгө.

Жеке маалыматтарды иштетүүгө
Макулдуктун №1 Тиркемеси

Субъектинин анын жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө (Макулдукка/Кайтарып алууга) Арызы

1. Жеке маалыматтын субъектисинин реквизиттери		
1.1 ИЖН		
1.2 Фамилиясы		
1.3 Аты		
1.4 Атасынын аты		
1.5 Туулган күнү		
1.6 Паспорту боюнча дареги		
1.7 Жашаган дареги		
1.8 Паспорттун сериясы жана номуру		
1.9 Паспорттун берилген күнү		
1.10 Паспортту берген орган		
1.11 Телефон номуру		
1.12 Электрондук почта дареги		
2. Ишенимдүү өкүлдүн реквизиттери (ишеним кат болгон учурда)		
2.1 ИЖН		
2.2 Фамилиясы		
2.3 Аты		
2.4 Атасынын аты		
2.5 Туулган күнү		
2.6 Паспорт боюнча дареги		
2.7 Жашаган дареги		
2.8 Паспорттун сериясы жана номуру		
2.9 Паспорттун берилген күнү		
2.10 Паспортту берген орган		
2.11 Укук берүүчү документ (ишеним кат, мыйзам, башка укуктук акт)		
3. Жеке маалыматтарды иштетүүчүнүн реквизиттери		
3.1 ИЖН		
3.2 БИК (коммерциялык банктар үчүн)		
3.2 Аталышы		
3.3 Дареги		
3.4 Кызматкердин аты-жөнү		
3.5 Кызматкердин кызматы		
4. Жеке мүнөздөгү маалымат (Бирөөнү тандаңыз)		
4.1 Өздүк камсыздандыруу эсебинен эмгек акы төлөө фондун камтыган маалымат	*Ооба*	*Жок*
4.2 Пенсиялык иштен пенсиянын өлчөмүн камтыган маалымат	*Ооба*	*Жок*
5. Жеке маалыматтарды иштетүү		
5.1 Макулдуктун башталган күнү (кол коюлган күн)		
5.2 Макулдуктун аяктаган күнү (аяккы күн)		
5.3 Орду (калктуу пункт, дареги)		
Макулдук берилген учурда тааныштыруу жана кол коюу үчүн пункттардын тизмеги		
Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды мага «Жарандарга өздүк камсыздандыруу эсебинен маалыматтарды берүү» жана/же «Пенсиялык иштен маалыматтарды берүү» мамлекеттик кызматын көрсөтүү максатында иштетүү үчүн Банкка тапшырам	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*	
Мен, эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз ыктыярым менен Жеке маалыматтарды иштетүүчүгө жекече мүнөздөгү маалыматтарымды берүүгө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна макулдук берем	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*	
Жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук ушул Макулдукта көрсөтүлгөн мөөнөткө жарамдуу болору жөнүндө мага маалым болду.	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*	

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна эркин формада берилген арыздын негизинде жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук жарамдуулук мөөнөтү аяктаганга чейин кайтарып алынышы мүмкүн экени жөнүндө мага маалым болду;	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*
Бул жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук кайтарып алынган же жарамдуулук мөөнөтү аяктаган учурда, Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына ылайык, толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн экени жөнүндө мага маалым болду.	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*
Кайтарып алуу учурунда таанышуу жана кол коюу үчүн пункттардын тизмеги	
Мен, эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз ыктыярым менен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна жеке маалыматтарды иштетүүчүгө жеке мүнөздөгү маалыматтарды берүүгө берген макулдугумду кайтарып алууга макулдугумду берем.	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*
Мага, Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына ылайык, менин жеке маалыматтарымды иштетүү толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн экени жөнүндө маалым болду.	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*

Жеке маалыматтарды иштетүүгө
Макулдуктун №2 Тиркемеси

Жеке маалыматтардын субъектисинин анын жеке маалыматтарын
жыйноого жана иштетүүгө макулдугунун
ТИПТҮҮ ФОРМАСЫ

Мен, _____
Кыргыз Республикасында ыйгарылган ИЖН: _____
Инсандыкты күбөлөндүргөн документ: _____ серия _____ №_____
(документтин түрү)
берилген: _____
(берилген күнү, берген органдын аталышы)
Иш жүзүндө жашаган дареги: _____
_____
Катталган дареги: _____
_____
Байланыш телефону: _____ эл. почта _____
төмөнкү уюмга: _____
(уюмдун аталышы жана дареги)
_____
төмөнкүлөргө макулдугумду берем:

- менин жеке маалыматтарымды иштетүүгө (жыйноо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңыртуу, өзгөртүү), жеке маалыматтарды топтоштуруу);
- Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына жана жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларга ылайык менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга берүүгө;
- Кыргыз Республикасынын «Насыялык маалымат алмашуу жөнүндө» Мыйзамына ылайык, андан аркы иштетүү (жыйноо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңыртуу, өзгөртүү), жеке маалыматтарды топтоштуруу) үчүн менин жеке маалыматтарымды насыялык бюролорго берүүгө

жеке маалыматтардын төмөнкү тизмегине жана алардын өзгөрүшү жөнүндө маалыматтарга ылайык: улуттук паспорттун тиби, ИЖН, аты-жөнү, туулган күнү, документтин номуру, документти берген органдын аталышы жана анын коду, берилген күнү, жарамдуулук мөөнөтү, жынысы, беттин санариптик сүрөтү, жашаган дареги, үй-бүлөлүк абалы.
Жеке маалыматтарды жыйноо, иштетүү төмөнкү максаттарда гана жүргүзүлөт:
_____
Бул макулдук жеке маалыматтарды же жогоруда аталган маалыматтарды камтыган документтерди сактоонун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталуучу мөөнөттөрү аяктаганга чейин берилет.
Жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук субъектинин эркин формадагы жазуу түрүндөгү арызынын негизинде кайтарып алынышы мүмкүн. Бул макулдук кайтарып алынган учурда, Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 5- жана 15-беренелерине ылайык, жеке маалыматтарды иштетүү толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.
Субъект анын жеке маалыматтарын иштетүүгө тиешелүү маалыматты жазуу түрүндөгү суроо-талап боюнча алууга укуктуу (Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренесине ылайык).
Мен Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын жоболору менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21-ноябрь, 2017-жылдагы № 759 токтому менен бекитилген Жеке маалыматтын субъектисинин анын жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө макулдугун алуунун Тартиби менен, жеке маалыматтын субъектилерине алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө билдирүүнүн тартиби жана формасы менен таанышканымды тастыктайм.
Жеке маалыматтарды коргоо аймагындагы укуктар жана милдеттер мага түшүндүрүлдү.

Күнү: _____ _____ _____
(күн, ай, жыл) аты-жөнү колтамгасы

Жеке маалыматтарды иштетүүгө
Макулдуктун №3 Тиркемеси

Субъектинин анын жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө (Макулдукка/Кайтарып алууга) Арызы

Мен, _____
Кыргыз Республикасында ыйгарылган ИЖН: _____
Инсандыкты күбөлөндүргөн документ: _____ серия _____ №_____
(документтин түрү)
берилген: _____
(берилген күнү, берген органдын аталышы)
Иш жүзүндө жашаган дареги: _____
_____
Катталган дареги: _____
_____
Байланыш телефону: _____ эл. почта _____
төмөнкү уюмга: _____
(уюмдун аталышы жана дареги)
_____
төмөнкүлөргө макулдугумду берем:

- менин жеке маалыматтарымды, **салыктык жашыруун сырды түзүүчү маалыматтарымды** иштетүүгө (жыйноо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңыртуу, өзгөртүү), жеке маалыматтарды топтоштуруу);

Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына жана жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларга ылайык менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга берүүгө;

- Кыргыз Республикасынын «Насыялык маалымат алмашуу жөнүндө» Мыйзамына ылайык, андан аркы иштетүү (жыйноо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңыртуу, өзгөртүү), жеке маалыматтарды топтоштуруу) үчүн менин жеке маалыматтарымды насыялык бюролорго берүүгө.

жеке маалыматтардын төмөнкү тизмегине жана алардын өзгөрүшү жөнүндө маалыматтарга ылайык:
1) салык төлөөчүнүн реквизиттери жөнүндө (салык төлөөчүнүн аталышы же фамилиясы, аты жана атасынын аты), ошондой эле салык төлөөчүнүн идентификациялык номуру жөнүндө;
2) салык төлөөчү тааныган салыктык карызынын суммасы жөнүндө;
в) салык төлөөчүнүн бардык мурда алынган же учурдагы патенттери жөнүндө.

Жеке маалыматтарды жыйноо, иштетүү *насыя берүү жана башка банктык кызмат көрсөтүү жөнүндө чечим кабыл алуу* максатында гана жүргүзүлөт.

Бул макулдук жеке маалыматтарды же жогоруда аталган маалыматтарды камтыган документтерди сактоонун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталуучу мөөнөттөрү аяктаганга чейин берилет.

Жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук субъектинин эркин формадагы жазуу түрүндөгү арызынын негизинде кайтарып алынышы мүмкүн. Бул макулдук кайтарып алынган учурда, Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 5- жана 15-беренелерине ылайык, жеке маалыматтарды иштетүү толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.

Субъект анын жеке маалыматтарын иштетүүгө тиешелүү маалыматты жазуу түрүндөгү суроо-талап боюнча алууга укуктуу (Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренесине ылайык).

Мен Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын жоболору менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21-ноябрь, 2017-жылдагы № 759 токтому менен бекитилген Жеке маалыматтын субъектисинин анын жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө макулдугун алуунун Тартиби менен, жеке маалыматтын субъектилерине алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө билдирүүнүн тартиби жана формасы, Кыргыз Республикасынын салыктык мыйзамдарынын салыктык жашыруун сырга тиешелуу бөлүктөрү менен таанышканымды тастыктайм.

Жеке маалыматтарды коргоо аймагындагы укуктар жана милдеттер мага түшүндүрүлдү.

Күнү: _____ _____ _____
(күн, ай, жыл) аты-жөнү колтамгасы

Жеке маалыматтарды иштетүүгө
Макулдуктун №4 Тиркемеси

Арыз-макулдук

Биз, төмөндө кол коюучулар, «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынын (мындан ары – Банк) Кардарлары болуп саналабыз, ушуну менен «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери тарабынан биз жөнүндө каалаган маалыматтарды мөөнөтсүз сактоого жана/же тобокелдиктерди (анын ичинде насыялык тобокелдиктерди) төмөндөтүү, ашкере карыз болуунун алдын алуу жана насыяны/зайымды/каржылоону/банктык кепилдикти жана башка насыянын алмаштыргычтарын кароо жана берүү процедурасын жөнөкөйлөтүү максатында насыялык тарыхтарды калыптандырууну жана аларды каржы-насыялык мекемелердин жана башка юридикалык/физикалык жактардын ортосунда алмашууну жүргүзүүчү каалаган Насыялык бюрого, анын ичинде «Ишеним» НБ ЖАКына берүүгө жана/же алууга макулдугубузду өз ыктыярыбыз менен беребиз.
Ошондой эле биз, эгер насыя алууга өтүнмө/насыя Банк акча каражаттарын максаттуу пайдалануну көзөмөлдөө үчүн каржылоо Программасы/Долбоору боюнча насыялоонун шарттарын аткаруу процессин көзөмөлдөөчү тиешелүү мамлекеттик жана башка органдарга, юридикалык жана башка жактарга отчет берүүчү белгилүү бир каржылоо Программасына/Долбооруна туура келсе, маалыматтарды мөөнөтсүз сактоого жана/же тиешелүү мамлекеттик жана башка органдарга, юридикалык жана башка жактарга берүүгө жана/же алууга макулдугубузду өз ыктыярыбыз менен беребиз.
Мындай маалыматтарга биз жөнүндө маалымат (физикалык жактын аты-жөнү/юридикалык жактын аталышы, жынысы, туулган күнү, жашаган/бизнес жүргүзгөн дареги жана мурунку ушуга окшош каалаган даректери, ишмердиктин теги жана түрү) жана биз «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынан алган насыялар/банктык кепилдиктер жана башка насыялык алмаштыргычтар боюнча маалыматтар (насыянын түрү, насыянын суммасы, субъектинин ролу, арыз берген күнү, төлөө тарыхы жөнүндө толук маалыматтар, жоюлбаган калдык, дефолттун суммасы жана бул эсеп боюнча карыздын жалпы суммасы, кепилдөөчүлөр/гаранттар, күрөө берүүчүлөр жана Маалымат жеткирүүчүлөрдүн алдында милдеттенмелери жаралган же учурда болгон башка жактар, анын ичинде башка маалыматтар), насыялар боюнча өз милдеттенмелерибизди аткарбаганыбызга же талаптагыдай эмес аткарганыбызга байланыштуу бизге карата кабыл алынган чаралар жөнүндө маалыматтар жана документтерди караоо жана тариздөө мезгилинде, насыянын берилиши жана жоюлушу процессинде «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКына белгилүү болгон башка маалыматтар кирет.

Ошол эле учурда биз тапшырган бардык маалыматтарды колдонуунун катаал купуялуулугу «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКы тарабынан кепилденет.
Ошондой эле бул документ «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынын насыя берүү боюнча милдеттенмесинин жаралышына алып келбей турганы бизге маалымдалды.

_____//_____ _____//_____
/колтамга/ /Карызгердин аты-жөнү/ /колтамга/ /Карызгердин жубайынын аты-жөнү

Насыялык маалыматтын субъектилеринин колтамгаларынын аныктыгы үчүн жоопкерчиликти Карызгер алып жүрөт (Эгер колтамгалар аталган жактардын колтамгаларына дал келбесе, Банк насыя берүүдөн баш тартууга укуктуу).

_____//_____ _____//_____
/колу/ /аты-жөнү/ №1 Субъект /колу/ /аты-жөнү/ №5 Субъект
_____//_____ _____//_____
/колу/ /аты-жөнү/ №2 Субъект /колу/ /аты-жөнү/ №6 Субъект
_____//_____ _____//_____
/колу/ /аты-жөнү/ №3 Субъект /колу/ /аты-жөнү/ №7 Субъект
_____//_____ _____//_____
/колу/ /аты-жөнү/ №4 Субъект /колу/ /аты-жөнү/ №8 Субъект

Арыз-макулдуктун толтурулган жана кол коюлган күнү «___» _____ 20__-ж.

Насыялык бюро – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коммерциялык уюм болуп саналган жана насыялык маалымат алмашууну жүргүзүү боюнча кызмат көрсөткөн юридикалык жак.
Кардар – белгилүү бир насыя/зайым/каржылоо менен байланышкан физикалык же юридикалык жак (карызгер/лизинг берүүчү/күрөө коюучу/кепилдөөчү/гарант ж.б.)